# Ата-энелер менен иштөө



**Кл.жет.: Дөөлөтбаева Г.К.**

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

«Бекитемин»
Мектеп – директору:
Атаев Б.С.


Милдет: ата – энелер менен байланышты күчөтүү, аларды тарбия ишине тартуу, балдарга болгон жоопкерчилигин арттыруу.

## Ата – энелер менен иш алып баруу планы

| № | Иш чаранын мазмуну | Мөөнөтү | Формасы | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Ар бир класста ата – энелер кеңешин түзүү. Бир жылдык иш план түзүү жана бекитүү. | сентябрь | Ата – энелер менен иштөө планы | Тарбия завучу Класс жетекчи |
| 2. | Ата – энелер менен үч тараптуу келишим түзүү. Ата – энелерди күндөлүк жана тарбиялык сабактарга катыштыруу. | сентябрь жыл бою | Үч тараптуу келишимдер | Мектеп админ. Класс жетекчи |
| 3. | Аз камсыз болгон үй – бүлөлөр, мигранттын балдары, мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар менен колдоо максатында ар кандай иш чараларды алып баруу. | сентябрь май | Класстык саат Тарбиялык саат Рейддер. Аө тараптан белектер | Соцпедагог Класс жетекчи |
| 4. | Ата – энелер үчүн ачык эшик күндөрүн жарыялоо. | октябрь декабрь февраль | Ата – энелер менен иштөө папкасы | Тарбия завучу Класс жетекчи |
| 5. | Ата – энелерди ар кандай иш чараларга катыштыруу. "Келгиле, бирге окуйбуз" "Менин балам окуган окуу классы". | март жыл бою | Класстык саат Тарбиялык саат | Предметтик мугалим |
| 6. | Ата – энелер менен бирдикте спорттук иш чараларды өткөрүү жана дөмөөрчүлүк кылуу. | апрель | Спорттук иш чаралар | Дене тарбия мугалими |
| 7. | "Башталгыч класста билим берүү деңгээли канааттандырабы?" деген анкеттирлөө жүргүзүү. | май | Анкета | Класс жетекчи |
| 8. | Бир жылдык отчёт түзүү. | май | Отчёт түзүү | Класс жетекчи |

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner




www.BANDICAM.com

**Урматтуу ата-энелер**

Балдарыбыздын келечекте туура багыт алуусу жана мыкты инсан болуп калыптануусу үчүн илим-билим жана туура тарбия берүү зарыл.Канаттууга анын эки канаты кандай кызмат кылса,инсанга илим жана тарбия так ошондой зарыл.

**Илим** -бул адам баласынын аң сезимин өстүрүп ар кандай кесип ээси болгонго жана бул жашоодо башкалардан кем болбой өз оокатын таап жегенге мүмкүнчүлүк берет.

**Тарбия** -бул инсандын адебин жакшыртып ага жашоодогу эң керектүү адамгерчиликтүү сапаттарга үйрөтөт

**Туура тарбия берүү**

Айрым ата-энелерге "Балаңызга кандай тарбия берип жатасыз ?"- деп суроо узатылып калса,"мен баламды эч нерседен кем кылган жокмун,курсагы ток кийими бүтүн үстүндө үйү жана астында машинасы бар " деген жоопту угуп келебиз.Бирок биз балдарыбызга жашоодогу муктаждыктарын чечип берип,тарбия берүүнү унутта калтырабыз

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

## «Ата - энелер мектеби»

### *ЖОБОСУ.*

**Максаты:**

*Балдардагы бардык жакшы сапттардын көпчүлүгү энелерден өткөнүн эске алып, айыл жериндеги энелерге үй – бүлөдө балдарды мектепке даярдоо, аыл – эс, адеп – ахлактык тарбиясы жөнүндө алгачкы педагогикалык маалымат берүү.*

- *Үй – бүлөдө балдардын сезүү, кабылдоо, ойлоо, эстеп калуу .б. таанып – билүүгө, билим алууга зарыл сапаттарынын калыптандыруунунэн жөнөкөй жолун, ыкмаларын үйрөнүү.*
- *Энелерге, айрыкча жаш энелерге – балдарды тарбиялап – остурүүгө кызыгууну жоопкерчиликти ойготуу.*

*Азыркы шартта көпчүлүк балдардын (90%) балдар бакчасына барбагандыгын эске алып,балдардын мектепке чейинки даярдыгын үй – бүлөдө толтурууга аз да болсо энелерг көмөктөшүү.*

1. ***Ата - эне мектебинин түзүлүшү.***

- Эне мектеби, ЗБМИС – эксперимент рамкасында, илимий – педагогикалык проблемалык лабоpотория корутундусу негизинде мектеп базасында ачылат.

Алгач биринчи класска балдары келе турган энелер кабыл алынат. Бирок булардан тышкары да каалоочулар жобо шартын аткарса катышуусу мүмкүн. 5 – класс, жалпы эле мектепке келген жаны окуучулардын энелери окуудан өтөт. Жаны окуу жылыдан балдары биринчи класска келе турган бардык энелер үчүн “Эне мектебинен” даярдыктан отүү милдетүү.

- “Эне мектеби” жобосу жана окуу программасы түзулуп, райондук билим берүү бөлүмүнөн бекитилет жана гимназия, мектеп, балар бакчасынын директорунун буйругу менен ачылат.
- Окутууу тездетилип, кыскартылган жана кенейтилген программа менен өтүлүүсү мүмкүн. Атйын журналда мектеп угуучулары, өтүлгөн темалар катталып барылат. “Эне мектебиндеги” окуу экзамен менен жыйынтыкталып атайын үлгүдөгү күбөлүк (справка ) берилет.

1. **“Ата - эне мектеби” ишмердүүлүгүнүн башкы багыттары жана мазмуну.**

- Машыгуулар атайын программа негизинде отулөт.
- Бала тарбиялоодо эненин милдетин жана ролун түшүндүрүү.
- Билим баалуулугу,
- Энелердин өздөрүнүн үй – бүлөлөрүндо балдарга татыктуу таалим – тарбия берүү, мектепке балдарды даярдоо жөнүндө билим – маданият денгээлин көтөрүү.
- Балдары психо – физиологиялык, интеллектуалдык өсүү закон ченемдүүлүктөрүн үйрөнүү.
- Окуучулардын метепке даярдыгынын айрым проблемаларын анализдеп, кыйын абалдан чыгуу боюнча иш – чаралады түзүү, проблемаларды чечүү жолдорун үйронүү.
- Дүйнөлүк жашы тажрыйбаны үйрөнүп, чыгармачылык менен пайдалануу жолдорун иштеп чыгуу.
- Дене боюн, акыл – эсин, сезимин, адамгерчилик асыл сапаттарын өстүрүүнүн методикасын үйрөнүп, сынактан откөрүү.
- Элдик педагогиканы үй – бүлө тарбиясында пайдалануу.
- “ Мыкты үй – бүлө,” “Үлгүлүү эне ” тажрыйбасын үйрөнүү.
- Балдарды ар тараптууу остүрүүчү уюштуруу методикасын оздөштүрүү.
- Даарыгер, тарбиячы, “Мыкты эне”, “Мыкты окуучу” ж.б.лар менен жолугушууу.
- Кинофильмди, көркөм адабиятты.ю турмуштук түрдүү ситуацияларда анализдөө, талкуу уюштуруу.
- “Мыкты эне”, “Мыкты үй – бүлө конкурстары ” өткөрүлөт.

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

## Окуучу билим сапатка ээ болуш үчүн:

**Ата – эне тараптан**
Үйдөн ата-эне баланын окуусун көзөмөлгө алып, ага окуу үчүн керектүү шарттарды түзүп берүүсү

**Мугалим тараптан**
Балага сапаттуу окуу- билим тарбиясын берүү

**Окуучу тараптан**
Сабакка болгон кызыгуу, тынымсыз эмгек



elenaranko.ucoz.ru

Ата-энелер тарабынан балдарга жардам берүү **эффективдүү, сабатуу** болуу менен төмөнкүдөй 3 багытта болуусу зарыл:





- күндөлүк режимин уюштуруу
- үй тапшырманы аткаруусун көзөмөлдөө
- өз алдынчалуулукка үйрөтүү

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

## 8-КЛАСС

**1-тема. Руханий үй-бүлөлүк баалуулуктар.**

Азыркы үй-бүлөсүнүн рухий баалуулуктарын карап, ата-энелер менен өспүрүмдүн рухий баалуулуктарга түзүү жолдорун талкуулоо. Заманбап үй-бүлөнүн баалуулуктар системасы. Үй-бүлөнүн негизги баалуулуктары. Үй-бүлө коомдук тажрыйбаны, акылмандыкты жана коомдук баалуулуктардын ташуучусу катары. Баланы мыкты сапаттарын жана мүнөздөмөлөрүн ачууда үй-бүлөдөгү мамилелер менен байланыш таасирлери. Үй-бүлөнүн рухий биримдиги. Үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактоонун негизги көрсөткүчү. Кризис жана үй-бүлөнүн рухий пайдубалын кайрадан жандандыруу жолдору. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясынын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу.

**2-тема. Чыр-чатактар жана аларды чечүү жолдору.**

Ата-энелерди чыр-чатактын келип чыгыш көйгөйлөрү менен тааныштыруу жана чыр-чатактарды чечүү жолдорун аныктоо. Чыр-чатак кагышуу, талаш-тартыш катары. Чыр-чатактын типологиясы: таанып билүү (күрөш көз карашы), жеке адамдын жана топтун, аралык жана коомдук ортосундагы өз ара чыр-чатак. Ички чыр-чатак. Чыр-чатак учурунда стратегия: туруктуулук, чыр-чатактан качуу, ылайыкташтыруу же ийкемдүүлүк, кызматташтык. Чыр-чатакты чечүүдө ата-эненин абалы.

**3-тема. Үй-бүлө менен мектептин кызматташтыгы.**

Ата-энелер менен үй-бүлө жана мектептин ортосунда кызматташтыкты уюштуруу жолдорун талкуулоо. Үй-бүлөлүк жана коомдук тарбиялоо. Үй-бүлө менен мектептин негизги максаты. Үй-бүлөдөгү тарбиялоо чөйрөсү: үй-бүлөдөгү гуманизм, билим берүү, атуулдук, физикалык жана психикалык ден соолукка кам көрүү. Үй-бүлөлүк тарбиялоонун каталары жана көйгөйлөрү. Ата-энелерге мектептин жардамы. Мектептеги жана класстагы ата-энелер комитетинин ролу, үй-бүлө жана мектепке көмөк көрсөтүү боюнча сунуштар. Жамааттын негизги түрлөрү: ата-энелер менен балдардын биргелешкен эмгеги, мектептин иш-чараларына катышуу, жамаатык экскурсиялар.



Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner